TURKPA
PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC-SPEAKING COUNTRIES

Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча комиссия

Сунуштама

COM/SCHA/REC/002/FINAL

**Жетинчи жыйын**
**16-май, 2019-жыл, Анкара**

# БУУнун ГЕНДЕРДИК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТТАРЫ. ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДӨ БҮГҮНКҮ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДҮН БААЛУУЛУКТАРЫНЫН МАДАНИЙ ЖАКТАН ОКШОШТУКТАРЫ

**(Мыйзамдардын келечеги)**

**Парламенттик Ассамблея:**

“Гендердик теңчилик- бул адамдын бир гана фундаменталдык укугу эмес, тынчтык, өркүндөө жолундагы туруктуу дүйнө үчүн зарыл болгон негиз”, -деп белгиленген БУУнун 2030-жылга чейинки Туруктуу өнүктүрүү жаатындагы 5-максатын, күн тартибинин артыкчылыктуу пункттарынын бири катары “Маданий баалуулуктар контексинде үй-бүлөнүөнүктүрүү жана бекемдөөдө эркек менен аялдын бирдей жоопкерчилиги” деп аныкталышын көңүлгө алуу менен;

Түрк тилдүүөлкөлөрдөгүүй-бүлө маданий өзгөчөлүгүн сактоо менен үй-бүлөнүн оң имиджинин түзүлүшүнө багытталган Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттарына шайкеш келтирүүдө аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн ортосундагы аң-сезимдүү балanska умтулуу менен;

Ар бир үй-бүлөдөгүүй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы экономикалык жана моралдык өз ара сый-урматты бекемдөөгө салым кошуу менен;

Социалдык-экономикалык прогресстин башкы жылдыруучу күчү катары гендердик теңчиликтин маанилүүлүгүн жана ТҮРКПА мүчө өлкөлөрдөгү үй-бүлө маданий өзгөчөлүктөрү менен гендердик теңчиликтин ортосундагы гармониянын зарылдыгын таануу менен;

ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттерди бекемдөөдө эркектер менен аялдардын адам потенциалы жана маанилүү социалдык элемент катары үй-бүлө институту аркылуу ийгиликтүү, келечектүү муунду өстүрүүнү көңүлгө алуу менен;

Үй-бүлө турмушун жакшыртууга багытталган ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыктын, маалымат алмашуунун жана биргелешкен аракеттердин артыкчылыгын түшүнүү менен;

***Улуттук парламенттерге кийинки маселелерди карап чыгуу сунушталат:***

1. Үй-бүлөдөгү маданий оң өзгөчөлүктөрдү сактоо (улуттук мыйзамдардын келечеги) аркылуу:

a) Мүчө-өлкөлөрдүн ортосунда тажрыйба алмашуу жана мыйзамдардын натыйжалуу болушу үчүн «Аялдар аянтчасын түзүү» (Үй-бүлөө, гендердик теңчилик, аялдар, эркектер жана балдарды коргоо максатында)

b) ТҮРКПА мүчөлөрүнө жалпы тийешелүү болгон үй-бүлөлүк жана маданий баалуулуктардын жалпы социалдык моделин талкуулоо;

c) Гендердик маселелер боюнча кыздар менен балдардын катышуусунда атайын жаштарга арналган тренингдерди өткөрүү;

d) Айыл жерлеринде кеңеш берүүчү үй-бүлөлүк, аялдардын жана өспүрүмдөрдүн борборлорун түзүүгө көмөктөшүү;

e) Калктын тилдерди жана улуттук адабияттарды тереңдетип билүүгө кызыгуусун арттыруу үчүн чакан лингвистикалык, социалдык китепканаларды менен шаардык үй-бүлөлүк клубдарды түзүү идеясын колдоо;

f) Кыздарды окутуу боюнча үй-бүлөлөрдү атайын чаралар менен кызыктыруу, башкача айтканда, айылдарда мектеп жашындагы кыздары бар үй-бүлөлөргө кошумча социалдык колдоо көрсөтүү;

g) Түрк тилдүү өлкөлөрдүн ортосундагы үй-бүлөлүк баалуулуктар боюнча тасмаларды биргелешип өндүрүү боюнча иштерди күчөтүү; зордук-зомбулуктун ар кандай түрлөрүн азайтуу максатында ТҮРКПА мүчө-өлкөлөрүндө балдар жана өспүрүмдөр үчүн кинотеатрларды түзүү боюнча типтүү мыйзам долбоорун иштеп чыгуу; демилгеленген маселе боюнча бардык түрк институттары менен кеңешмелерди өткөрүү;

h) Балдарга үй-бүлөлүк баалуулуктарды тааныштыруу бала бакчадан башталышы керек деген идеяны колдоо;

i) Балдар менен өспүрүмдөргө үлгүлүү үй-бүлөлүк баалуулуктарды үйрөтө турган онлайн программаларды өнүктүрүү;

j) Репродуктивдүү саламаттыкта жана эл арасында үй-бүлөнү пландоодо, айрыкча, аялдардын жана жаш үй-бүлөлөрдүн ролун күчөтүү, ошондой эле өспүрүмдөр арасында жыныстык катнаш аркылуу жугуучу ооруларды жана боюнан алдырууларды кыскартуу аркылуу сак-саламат үй-бүлөгө кам көрүү;

k) Үй-бүлөдөгү экономиканы жана моралдык климатты бекемдөө үчүн эркектер менен аялдардын ортосундагы чоң кызматташуу потенциалына жаш муундун ишениминин болушу;

l) Ала качууларга, эрте никеге турууларга тыюу салган жалпы программаларды колдоо;

m) Жарандык органдарда расмий каттоосу болбогон диний никелешүүлөрдү таанбоо. Диний никелешүү никени мамлекеттик каттоого алганга чейин болбошу керек;

n) Тарбияда жана балдарды тарбиялоодо атанын ордун күчөтүү;

o) Балдардын көзүнчө аялдар менен эркектердин алкоголдук ичимдиктерди ичүүсүн токтотуу;

p) Социалдык аялуу үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн сергек жашоо образын (анын ичинде психотикалык абалы) колдоо боюнча профилактикалык чараларды караштыруу;

q) Ата-энеси - экөө тең иштегендердин балдары үчүн кошумча билим берүү жана спорттук борборлорду түзүү (колдон келсе өздөрүнүн мектебинин жанында);

r) Жеке жактардын пенсияларынын эсебинен каржылануучу кары-картаңдардын социалдык клубдарын өнүктүрүүнүн дүйнөлүк практикасын колдоо;

s) “Мен өлкөмдө Үй-бүлө иштери боюнча министр болсом, эмнелерди жасамакмын” темасында мектеп окуучулары, студенттер ортосунда дилбаян жазуу - сынактарын өткөрүүнү тажырыйбалоо;

<u>2 Үй-бүлө экономикасынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүүчүн (улуттук мыйзамдардын келечеги):</u>

a) Айрыкча, айыл жергесиндеги аялдар жана эркектер (балдарын өз алдынча баккандар) үчүн салык төлөмдөрүсүз бизнес-программаларды кеңейтүү;

b) Айыл жергесиндеги аялдар, майыптар, ички жер которгондор,качкын-аялдарды жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү (кесиптик курстарды уюштуруу, чакан бизнести өнүктүрүү);

c) Үй-бүлө-эмгек балансындагы атмосферада ийкемдүү режимдеги жумуш менен камсыздоо аркылуу аялдардын жумушка тартылуусуна дем берүү максатында бейөкмөт уюмдар менен мыйзам чегинде кызматташуу (10 жашка чейинки балдары бар энелердин жумуш мөөнөтүн кыскартуу), жаңы технологияларга аялдардын жетимдүүлүгүн жеңилдетүүгө тиешелүү бейөкмөт уюмдардын долбоорлорун тартуу;

d) Илимге мамлекеттен бөлүнүүчү каражаттын көлөмүн көбөйтүү жана аялдардын тиешелүү эл аралык илимий иш сапарлар менен жолугушууларга катышуусуна түрткү берүү;

e) Айыл жергесиндеги 4-5тен балдары бар үй-бүлөлөргө, ошондой эле майып балдары бар үй-бүлөлөргө чакан ишканалар үчүн гранттык каражаттарды берүү;

f) Айыл жергесиндеги аялдарды өндүрүш менен камсыздоо; айыл жергесиндеги экономикалык турмушка аялдардын катышуусун кеңейтүү боюнча атайын иш-чаралар планын иштеп чыгуу;

g) Аялдарды жакшы-жакшы активдерге ээ болууга шыктандыруу (компаниялардын, жер тилкелеринин жана кыймылсыз мүлктөрдүн ээси болууга), эркектер менен аялдардын бирдей орточо эмгек маяна алуусуна дем берүү;

h) Аялдардын пенсиялык жаш курагын төмөндөтүү;

i) Жумушка балдарын алып келүүгө энелерге уруксат берүү;

j) Кыздар жана аялдар арасында чечимдерди ойлонуп кабыл алуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү;

<u>3 Мыйзамдардын теориясы менен чыныгы турмуш ортосундагы ажырымдарды кыскартуу үчүн:</u>

a) Айыл жергесиндеги аялдар үчүн консультациялык борборлордун идеяларын колдоо;

b) Тигил же бул формадагы дискриминация (эрте жашта нигеге турууга мажбурлоо, үй-бүлөдөгү зомбулук, ала качуу ж.б.) менен күрөшүүүчүн иштөө механизмдерин табуу;

c) Мектептердеги зомбулуктарды азайтуу механизмдери менен чараларын издөө;

d) Өспүрүмдөрдүн келечектеги ата же эне болушунда өздөрүнүн саламаттыгы жөнүндө кабардар болуусун жогорулатуу;

e) Айыл жергесиндеги мектептерде кыздар жана балдар үчүн гендердик теңчилик жөнүндө мыйзамдуулук боюнча мектеп программасына атайын лекцияларды киргизүү;

f) “Көп балалуу үй-бүлөлөрдү жана майып балдарды мамлекеттик колдоо жөнүндө” мыйзам долбоорун демилгелөөнү сунуштоо;

g) Социалдык үй-бүлө кызматчылары институтун түзүү.

h) Азыркы үй-бүлөлөрдө болуп жаткан ажырашуулар боюнча статистикага көңүл буруу;

i) Комиссиянын жетинчи отурумунун жыйынтыгына ылайык типтүү мыйзам иштеп чыгуу максатында гендердик жана үй-бүлөлүк маселелер боюнча мыйзамдарды өз ара алмашуу;

j) Экономикада саясатта чечим кабыл алуу жараянында аялдардын ролун жогорулатуу;